# Улуттук банктын ноталары

*(2017-жылдын ноябрь айы)*

Жүгүртүүдөгү акча массасын жөнгө салуу максатында Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы (мындан ары – Улуттук банк) тарабынан ноталарды жайгаштыруу боюнча төрт аукцион өткөрүлгөн, анда жарыяланган эмиссиянын жалпы көлөмү 9,5 млрд сомду түзгөн, бул өткөн айга салыштырмалуу 26,7 пайызга көп.

Коммерциялык банктардын үстөк ликвиддүүлүгүнүн төмөндөшүн эске алганда, Улуттук банктын ноталарына карата суроо-талап отчеттук мезгил ичинде 42,9 пайызга төмөндөп, жарыяланган эмиссиянын көлөмүнөн 57,5 пайыздан төмөн болгон. Ушуга байланыштуу кароого алынып жаткан мезгил ичинде ноталар кошумча жайгаштырылган эмес. Улуттук банктын ноталарына карата суроо-талаптын орточо аукциондук[1] көлөмү ай ичинде 28,6 пайызга төмөндөө менен 1,0 млрд сом өлчөмүндө түптөлгөн. Улуттук банк тарабынан жүргүзүлгөн акча-кредит саясатына ылайык, отчеттук мезгил ичинде ноталарды сатуу көлөмү 7, 14, 28 жана 91 күндүк ноталар менен сунушталган, анда жайгаштыруунун жалпы суммасы 3,9 млрд сомду (ай ичинде -14,8 пайыз) түзгөн.

Мында, Улуттук банктын ноталарынын орточо алынган кирешелүүлүгү өтүп жаткан мезгил ичинде 0,02 п.п., 2,7 пайызга чейин өскөн. Алсак, аталган банктын 7 күндүк ноталарынын орточо алынган кирешелүүлүгү 1,8 пайызды (+0,1 п.п.) түзгөн. 7 күндүк ноталардын кирешелүүлүгү өткөн айдагыдай эле эсептик ченге жакын пайыздык чектин алкагында орун алган. Пайыздык чендин чеги да сакталган: пайыздык чендин жогорку чеги («овернайт» кредиттери боюнча чен) - 6,25 пайыз деңгээлинде, төмөнкү чек - («овернайт» депозиттери боюнча чен) - 0,25 пайыз деңгээлинде кармалып турган. 14 күндүк ноталар боюнча орточо алынган чен 2,0 пайыз, 28 күндүк – 3,7 пайыз (+0,1 п.п.) жана 91 күндүк ноталар боюнча - 5,0 пайыз деңгээлинде калыптанган.

Отчеттук мезгилдин жыйынтыгында жүгүртүүдөгү ноталар көлөмү жыл башынан тарта 28,5 пайызга төмөндөө менен 3,7 млрд сомду түзгөн. 99,4 пайыздык (жыл башынан тартып +1,3 п.п.) үлүшү менен коммерциялык банктар жана 0,6 пайыз үлүшү менен (+0,6 п.п.). юридикалык жактар – резиденттер Улуттук банктын ноталарына негизги ээлик кылуучулардан болуп саналган. Байкоого алынып жаткан мезгил ичинде сатуунун орточо аукциондук көлөмү ай ичинде 6,5 пайызга көбөйүү менен 964,3 млн сомду түзгөн.

**1-график. Улуттук банктын ноталарына суроо-талап жана аларды жайгаштыруу**




[1]Ай ичинде аукциондордун саны туруктуу болбогондуктан, бул көрсөткүч ай ичиндеги суроо-талаптын/сунуштун жалпы көлөмүнүн ордуна колдонулат.

**2-график. Улуттук банктын ноталары боюнча суроо-талаптын, сатуунун жана кирешелүүктүн динамикасы**




**3-график. Улуттук банктын ноталары боюнча сатуунун динамикасы**



**1-таблица. Номиналдык нарк Улуттук банктын ноталарына ээлик кылуучулардын түзүмү**

*млн сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Ком. банктар | | Юридикалык жактар - резиденттер | | Жеке адамдар - резиденттер | | Институцион. инвесторлор | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| 01.12.2016 | 2 000,0 | 1 986,2 | 99,3% | 13,8 | 0,7% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.01.2017 | 5 244,0 | 5 142,4 | 98,1% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 101,6 | 1,9% |
| 01.02.2017 | 2 000,0 | 2 000,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.03.2017 | 2 000,0 | 2 000,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.04.2017 | 4 280,0 | 4 280,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.05.2017 | 5 250,0 | 5 250,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.06.2017 | 4 325,0 | 4 325,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.07.2017 | 3 511,0 | 3 511,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.08.2017 | 3 555,0 | 3 555,0 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.09.2017 | 3 795,5 | 3 795,5 | 100,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.10.2017 | 6 290,5 | 6 279,1 | 99,8% | 11,4 | 0,2% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.11.2017 | 5 281,0 | 5 265,6 | 99,7% | 15,4 | 0,3% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |
| 01.12.2017 | 3 748,3 | 3 727,1 | 99,4% | 21,2 | 0,6% | 0,0 | 0,0% | 0,0 | 0,0% |